УДК 37:370

Куршад ДЕГЕР, БГУ
degerkursad@hotmail.com

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗ АРА МАДАНИЙ МАМИЛЕЛЕРИ

Аннотация: *Бул макалада Кыргызстан менен Түркия мамлекетинин Советтер союзу тарагандан кийинки билим берүүдөгү кызматташтыгы баяндалган. Илгертен бери кыргыздар менен түрктөр өзгөчө мамилелери менен айырмаланып келишкен, анткени бир тууган элдер болуп саналат. Ошондуктан бул макалада билим берүү тармагында эки өлөнүн жаңы кызматташтыгы каралып чыккан.*

Түйүндүү сөздөр:*билим берүү системасы,Кыргызстан, Түркия мамлекети, кызматташтык ж.б.*

Тектеш жана маданияты бир болгон эки өлкө Кыргызстан жана Түркия иш биримдигин жузөгө ашырууда эң негизги байланыштарынын бири билим берүү тармагы болуп эсептелет.Учурда да Түркия Республикасы боордош Кыргыз Республикасына билим тармагында көмөк көрсөткөн эн чоң инвестициялоочу өлкө.

Албетте булардын баары Кыргызстан эгемендүү болгондон кийин башталган, башкача айтканда, 16 – декабрь 1991 – жылында Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын жар салуу менен башталат.Түркия Республикасы көз карандысыздыгын жар салган Кыргыз Республикасына 29 - январь 1992 - жылы дипломатиялык байланыштар менен биргеликте Бишкек жана Анкара элчилиги ачылган.

Эки өлкө арасындагы байланыштар Кыргызстандын көз карандысыздыгы менен бирге өз ара карым катнаштар: маданият,соода жана экономика иш биримдиги, транспорт, өнүгүү, аскер жана башка тармактарда 200гө жакын иш биримдигине жана келишимдерге кол коюлган, жыйынтыгында 2011 – жылы Кыргызстан жана Түркия Республикаларынын арасында жогорку денгээлдеги стратегиялык биримдиктеги иш чара менен стратегиялык теңдөө денгээлине жеткен.[1]

1997 – жылы кол коюлган Түбөлүк достук жана иш биримдиги келишимдери эки өлкөнүн президенттеринин денгээлинде болуусу, байланыштардын өсүп өнүгүүсүн сактаган маанилүү көрсөткүч болуп эсептелет.

Негизинен макалабыздын темасын түзгөн Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын арасында тарбиялык тармактагы иш биримдиктеринин юридикалык түзүлүшүнө 21 – апрель 1996 –жылы кол коюлуп жана өзүнөн мурдагы баардык келишим жана протоколдордун өз убагында болуп келгендигинен Түркия Республикасынын Билим Берүү министирлиги жана Кыргыз Республикасынын Билим Берүү министирлиги менен иш биримдиги түзүлгөн.[2]

Бул келишим менен Түркия Республикасынын Билим Берүү министирлиги жана Кыргыз Республикасынын Билим Беруу министирлиги Түркия жана Кыргыз Республикаларыбилим тармагында мамилелерин бекемдөөмаксатында көптөгөн чоң иш биримдиктерин түзүшүүдө.Алгач эле эки тарап студенттерди алмаштырып окутуу темасында Кыргызстандын окуу жайларда расмий Түрк тилинде билим берүү жана кесиптик билим берүү борборлорунун ачылышына жана ал иш чараларды камсыздоодо Түркия тарабынан жардам болоорун баса белгилешкен.Кыргызстанда ачылган жана келечекте ачыла турган Түрк теороиялык билим берүү үчүн имарат менен камсыздоо жагын 20 жыл бою кыргызстан каржылаcа, бул окуу жайлар түрк билим берүү системасына ылайыктуу иш алып барууда бул окуу жайларынын ар түрдүү муктаждыктары туркия тарабынан каржыланат.Муну менен бирге кыргыз тарабы түрк тарабынан Түрк – Кыргыз Исмаил Таранжыоглу Анадолу лицейине Бишкектин борборунан бир имарат бөлүнүп, ал жака жайгашуу талабы эки ай ичинде аткарылаары убада кылынган.Кайрадан бул тармакта Туркия туркчөсун уйрөтуп билим берүү борборунун элге таанылышы жана ачылышы үчүн имарат бөлүнүп берилеери макулдашылган.Бул келишим менен билим алганы келген студенттердин Түркияга баруу, келүү жагы өздөрү тарабынан төлөнөт, ал эми башка убактагы туркиянын ичиндеги транспорттук байланыштары өз жанынан төлөнөөрү такталган.Тажрыйба алууда биринчиден баш калкалоо жагынан баштап кыргызстандан келген студенттердин Түркияда билим алып жаткан убактарында тамак – аш, стипендия жагынан түрк университеттери фирмалар, курулуштар, фонддор жана жеке уюмдар тарабынан жардамдар болгон.

Ошону менен бирге Кыргызстандан дипломатиялык жол менен жогорку жана орто окуу жайларына келген студенттерди Түркия мамлекети стипендия менен камсыздайт.Ошондой эле окуусуна тоскоолдук кылган ар түрдүү иш чараларга катышпоосун жана иш аракеттерге, сабактарга активдүү катышпаган болсо анда стипендиядан четтетилери, атестаттарын Бишкектеги Түркиянын элчилигинен тастыктаткандан кийин Түркияга келүүлөрү,1996 – 1997 – жылдан баштап программаларды алмаштыруу талабын коюшуп, өздөрүнө бөлүнгөн орундарды убагында пайдалануулары жана Түркияда расмий окуу башталгандан кийин кеч калбай баруулары мамлекет тарабынан талап кылынат.-Туркиядагы билим алуу убагында YURTKUR же болбосо университеттин жатаканаларына жайгашуусу, тандоо жана жайгаштыруу сынактарында түрк тилин билбегендердин Төмерде 1 жыл түркчө окуп,билимин өркүндөтүп коомдун мыйзамдарына баш ийип жана окуудагы жетишкендиктерине жетүүсүнө талап койгон-.Айрыкча лицейдин бүтүрүүчү окуучуларынын 21 жашка чейин болушу жана лицейди 100 балдын ичинен 70

тен жогорку бал алуусу талап кылынган.Туркия мамлекети университеттеги кыргыз студенттерге билим алып жаткан убактарында каалаган иш каналарына практикага чыгууларына жардам берет.Ал эми кыргыз мамлекети болсо бул келишим боюнча кыргызстандагы орто билим берүү жана жогорку окуу жайлардын натыйжасында түркия тарабынан стипендиялуу болуп жөнөтүлгөн студенттерден окуу акысын албайт.Алдыңкы студент статусуна кыргызстандагы университеттерде окуп түрк жарааны болгон студенттердин, Түркиядагы студент тандоо сынагында алдыңкы даражага кирүү шартын талап кылышкан.Кыргыз Республикасы өзүнүн студенттеринин кабыл алуу шарттарын туркия тарабына билдирүүсү менен, бул шарттарды тиешелүү адамдарга жеткирүүнү кабыл алган. Өз мүмкүнчүлүгү менен билим алууну каалаган Түркия Республикасынын жарааны болгон студенттер түрк тарабынан студент болуп кабыл алынып,алдыңкы студент статусуна ээ болгон студенттерден ала турган окуу акысын университеттин программасына карап мурунтан айтылган сумманы гана алып, башка эч кандайтөлөм алынбоосу кабыл алынган.Кыргызстан түркия тарабынан кыргызстанда ачылган окуу жайларда эмгектенген окутуучуларга жашоочу жайынын берилишин жана үй бүлөлөрүнө, кыргызстанда окуган түрк студенттерге ар түрдүү мүмкүнчүлүктү түзүп берет.Бул келишимге байланышкан маанилүү деталда түркистандан 1980 - чи жылдарда Туркияга келген жана Ван областынын Улупамир айылында жайгашкан кыргыз улутундагы жараандарыүчүн атайын чечимдер кабыл алынган.Ошого жарашаКыргыз Республикасынын Билим Беруу жана илим министирлиги Түркия Республикасынын Билим Беруу министирликтеринин талап кылуусунун негизинде Ван областына караштуу Улупамир айылында жашаган кыргыз улуту жараандарынын балдары үчүн кыргыз тили жана адабияты,музыка жана тарых сабактары үчүн адистиктер боюнча үч окутуучу жөнөтүлүүсү макулдашылган.Эки тарап биргеликте ар бир 1500 студентке министерстводон бир өкүл жоопкерчилике алынат.Дайындалган өкүлдүн айлык майанасы жана ижарасы, транспорттук байланыштары, кирүү чыгуу визалары жана бюро иштерин түркия мамлекети өз тарабынан каржылайт.-Айрыкча түркия мамлекети түркияда билим алган кыргызстандык студенттердин стипендияларына байланыштуу иштерде ал жактан келген студенттерден өкүлчү дайындоо темасында өз ара келишимге келишкен.Бул жагынан студенттердин тажрыйба алууда келип чыккан маселелерин чечүү жагынан маанилүү эскертүүлөрдү алышкан.Эки өлкө арасында билим алуу жагынан стратегиялык маанилүү чечимдерди кабыл алышкан.Мисалы:эки тарап билим беруу системасына жана программаларына байланыштуу маалымат алмашуу темасында бир пикирге келишкен.Ошону менен бирге эле бул тармакта келишимдерди сактоо үчүн комиссияларды чоогу түзүүнү пландашкан.Комиссиялар тарабынан кабыл алынган иш чаралар тажрыйба алуу үчүн министирликтерге сунулуп чечим чыгарылган.Айрыкча биргеликте ачылган окуу жайлардын билим берүү иштерин жөнгө салуу, текшерүүлөрүн биргелешип жасоо чечимин чыгарышкан.Түркия мамлекети жай айларында кыргызстандык окутуучулардан иш чараларды жана билим берүү семинарларын өткөзүп берүүнү талап кылган.Кыргыз мамлекети да кыргызстандагы түрк окуу жайларында эмгектенген түрк окутуучуларга кыргыз тили жана билим системасындагы семинарларды уюштурушкан.Билим беруу тармагында уюштурулуп турган расмий курамдардын жана жеке адамдардын катышууларын алдын ала дипломатиялык каналдарга билдируу максатында бул иш чаралардын алып барылуусун сунуш кылышкан.Келишимдин негизинде жөнөтүлүүчү жеке адамдардын жана топтордун каражаттарын жөнөткөн өлкө ал эми калган каражаттарын чакырган өлкөнүн камсыз кылуусу пландаштырылган.Боордош иш чаранын түзүлушунө буйрук берилип, бул алкакта эки өлкөнун окуу жайларынын арасында тил, маданият, билим жана спорт тармактарында мелдештер уюштурулуп студенттерибизди жана маданиятыбызды жакындаштыруу чараларынын көрүлүшүнө басым жасаган.Эки өлкөдө тең иш чаралар уюштурулуп коомду билим тармагында иш биримдигине чакырган.Эки өлкөнүн арасында байланыш куруу максатында, өз мамлекеттеринде уюштурулган Эл аралык симпозиум,конференция семинар жана башка иш чаралар жөнүндө бир бирин колдоо максатында бир пикирге келишкен.

Бир эле убакта бул келишимде белгиленгендей максаттардын ишке ашуусу учун жасала турган иштердин пландалуусу координациянын тажрыйбасында ортого чыккан жаңы муктаждыктардга эскертүү берилүүсүн камсыздоо максаты менен мурдагыдай министирликтен жоопкер адамдын башкаруусу менен ар өлкөдөн үч кишиден түзүлгөн комиссия түзүүнү пландаштырган.Бул комиссия алты айда чогулуп келишимдин иш жүзүнө ашырылуусун байкоону туура көрүштү.[3]

Адабияттар

1. Кыргызстан Республикасы саясий иш -www.mfa. gov.tr./ tьrkiye

2. 22.09.1996 –ж жекшемби 22765 ном Эл аралык 96/84 89 ном келишим

3. 22.09.1996 –жыл 22765 Туркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын арасындагы келишими.